# ПЛИТОНИТ СУПЕРКАМИН ТЕРМОШЫБАК

*Тамгалык белгилениши:* **ТермоШыбак**

*Аталышы:* Мештер, каминдер жана морлор үчүн ак түстөгү ысыкка чыдамдуу шыбак

*Белгилер:* +400°C, РПО

РУССКОЕ ПЕЧНОЕ ОБЩЕСТВО

***Артыкчылыктары***

- Сырткы жана ички иштер үчүн
- Сырдоо үчүн жана фиништик катмар катары
- Тегиздөөчү катмардын калыңдыгы 2ден 30 мм чейин
- Бекемдөөчү булалар менен күчөтүлгөн
- Түсү – ак
- Кыштын сыныктарын оңдоо үчүн колдонууга болот
- Оймо-чиймелүү жасалгалоо мүмкүнчүлүгү

***Өңү*** ак

Аралашма имараттын ичиндеги керамикалык, шамоттуу кыштардан жасалган мештерди, каминдерди жана башка ысый турган беттерди шыбоого, ошондой эле мештердин, каминдердин жана морлордун сырткы дубалдарын тегиздөөгө жана фиништик (акыркы) жасалгалоого арналган. Шыбак мешке жана каминдин көркүнө чыгарат, ошондой эле аны кийин сырдоого же коздоо максатындагы каптамалар, анын ичинде керамикалык плиткалар менен жасалгалоого болот. Аралашманын жардамы менен шыбоо иштеринин алдында негиздин ири жаракаларын жана тегиз эмес жерлерин оңдоого болот. Шыбакты колдонуу мештин жана каминдин жылуулукту сактоо тутумун жакшыртат. Жогорку технологиялуулугу, ошондой эле жаракаларга туруктуулугу жана материалдын аз сарпталышы менен айырмаланат. Таңгактоо – 25 кг.

**Материалдын сарпталышы**

1 мм катмар калыңдыгында 1 кг/м²

**Жумуш аткаруунун шарттары**

Ишти жүргүзүп жаткнада жана ал аяктагандан кийинки 3 сутка ичинде абанын жана кыштардын температурасын +5 °Стан +30 °Cка чейинки чекте кармап туруу зарыл. Иш жүрүп жаткан учурда аралашманын температурасы +10 °Стан +30 °Cка чейин болушу керек.

**Негизди даярдоо**

Шыбоо иштери меш толугу менен кургап, отурукташкандан кийин гана жүргүзүлөт. Шыбактын алдындагы негиз бекем, отурукташууга же өзгөрүүгө дуушар болбогон, кирден, чаңдан, майлардан жана боёктордун бардык түрүнөн, ошондой эле катмарланып сыйрылган бөлүкчөлөрдөн тазаланган болушу керек. Шыбоо иштеринин алдында мешти бир аз жагып, жылытып алуу сунушталат. Шыбактарды шыбоодон мурун даярдалган негизди «Плитонит Кыртыш» кыртышы менен иштетип, 1 саат бою кургатуу керек.

**Аралашманы даярдоо**

Кургак аралашманы суюлтуу үчүн ичүүчү сууну колдонуңуз. Аралаштыруудагы катыш: 1 кг кургак шыбак аралашмасына 0,18-0,22 л суу талап кылынат (25 кг үчүн 4,5-5,5 л). Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн сууга кошуп, электр миксери же насадкасы бар электр бургусу менен 2-3 мүнөт бою, айлануу ылдамдыгы мүнөтүнө 600дөн ашырбай, бир өңчөй абалга келгенче аралаштырыңыз. Эритмени 10 мүнөт тыныктырып, андан кийин кайра бир жолу аралаштырып алыңыз. Кайра аралаштырылганда жогоруда көрсөтүлгөн катыштын эң көп көрсөткүчүнө чейин суу кошууга уруксат берилет. Даяр аралашманы колдонуу убактысы — 4 сааттан ашпайт.

**Иштин тартиби**

Аралашманын металл буюмдарына тийишине жол берилбейт. Эгерде зарыл болсо, экинчи катмар биринчи катмар толугу менен кургагандан кийин шыбалат. Кургатуу убактысы катмардын калыңдыгына, негиздин температурасына жана айлана-чөйрөнүн шарттарына жараша болот. Шыбакты шыбоодо тигиштерди тегиздөөнүн кажети жок. Ийри-буйру шпателдин жардамы менен коодоо максатында фактура түзүүгө болот Шыбактын үстүнөн атайын ысыкка туруктуу боёктор менен сырдоого болот. Шыбоо иштери аяктагандан кийин конструкцияны табигый жол менен кургатуу керек. 7 суткадан кийин, эгер сырткы бетинин температурасы +50°Стан ашпаса, конструкцияны колдоно баштаса болот. Толук кандуу колдонууга 10-14 суткадан кийин уруксат берилет.

**Сактык чаралары**

Бул аралашма ГОСТ 12.1.007 боюнча кооптуулуктун 4-классына (көп кооптуу эмес заттарга) кирет. Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек. Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек. БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!

**Көңүл буруңуз**

Иштерди аткарууда СНиП 41-01-2003 талаптарын аткаруу зарыл. Көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөр айлана-чөйрөнүн температурасы 20+2°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу 60+10% болгон шартта жарактуу. Жумуштарды аткарууда жалпы курулуш иштерин жүргүзүү боюнча нускамаларга жана курулуштагы техникалык коопсуздук эрежелерине ылайык иш кылуу керек. Жумуш аткарылып жаткан аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу сунушталат. Даяр болгон эритме аралашмасына кошумча суу кошууга тыюу салынат. Иш учурунда кол кап колдонуңуз.

**Ташуу жана сактоо шарттары**

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак жайларда, таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон шарттарда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: ташуу жана сактоо шарттары сакталган учурда өндүрүлгөн күндөн тартып 12 ай.

**Курамы**

Комплекстүү минералдык байланыштыргыч зат, майдө бөлүкчөлүү кум, минералдык толтургучтар жана өзгөртүүчү полимердик кошумчалар

**Өндүрүүчүнүн кепилдиги**

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманы техникалык шарттардын талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмактан уруксат берилген четтөөлөр ГОСТ Р 8.579-2001 стандартына ылайык аныкталат. Өнүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (Аэфф < 370 Бк/кг, СанПиН 2.6.1.2523–09 (НРБ-99/2009) боюнча материалдардын I классы).

***Техникалык мүнөздөмөлөрү***

| | |
|---|---|
| Толтургуч бөлүкчөлөрүнүн эң чоң өлчөмү | 0,63 мм |
| 1 кг кургак аралашмага кошулуучу суунун көлөмү<br>25 кг аралашмага | 0,18-0,22 л<br>4,5-5,5 л |
| Катмардын калыңдыгы 1 мм болгондо материалдын чыгымы | 1 кг/м² |
| Эң көп иштөө температурасы | +400 °С |
| Бир жолу шыбоодогу тегиздөөчү катмардын калыңдыгы | 2-15 мм |
| Шыбоонун эң чоң калыңдыгы | 30 мм |
| Жарым-жартылай тегиздөөдөгү шыбоонун эң чоң калыңдыгы | 50 мм |
| 2-катмарды шыбоо, кийин | 12-24 саат |
| Аралашманын кысууга карата бекемдиги:<br>долбоордук курагында, кем эмес | 3,5 МПа |
| Аралашманы кысуудагы калдык бекемдиги, кем эмес | 2,0 МПа |
| Аралашманын суукка чыдамдуулук көрсөткүчү, кем эмес | F50 |
| Даяр аралашманын колдонуу убактысы | 4 саттан ашык эмес |

**Маанилүү кеңештер**

Өз колуңуз менен меш жасоо боюнча кеңештерди жана сунуштарды жакында биздин жаңы сайтыбыздан таба аласыз: superkamin.ru. Бул жерде мештердин жана каминдердин долбоорлору топтолуп, жарыяланат. Мештин кыш коюу тартиби ар бир катар үчүн көрсөтүлгөн. Сиз меш усталарынын толук нускамаларын жана кесипкөй чиймелерин колдонуп, мешти өз колуңуз менен кура аласыз. PLITONIT СуперКамин түркүмүндөгү өнүмдөрдүн жардамы менен сиз каминди, барбекю мешин, мончо мешин, швед мешин, казан үчүн мешти, мангал үчүн мешти жана башка меш түрлөрүн жасай аласыз.
Шамот кышын шыбоо үчүн PLITONIT СуперКамин Отко туруктуу дегенди колдонуңуз. Мешти же каминди каптоо үчүн PLITONIT СуперКамин ТермоЖелим ысыкка чыдамдуу плитка желимин колдонуңуз.